# Кит



Автор: Элизабет Ким

Которгон жана адаптациялаган: Талгат Деркембаев

# Кит

Автор: Элизабет Ким
Которгон жана адаптациялаган: Талгат Деркембаев

Кыргыз тилинде
Бишкек-2021

Copyright © 2021, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган.

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

*Whales*, Copyright © 2020, Эта работа лицензирована по международной лицензии Creative Commons Attribution-NonCommercial-ShareAlike 3.0 (https://creativecommons.org/licenses/by-nc-sa/3.0/) түп нускасынан ылайыкташтырылган. CC BY-NC-SA 4.0 лицензиясы негизинде лицензияланган.
"Кит" (кыргыз тилинде), Талгат Деркенбаев тарабынан которулуп адаптацияланган,
автор Элизабет Ким, сүрөттөр Flickr (www.flickr.com) сайтынан алынган.
Mustard Seed Books ©2011 CC BY NC SA 3.0 лицензиясы боюнча басылып чыккан. Чыгарманын түп нускасын
бул жерден көрө аласыз: http://mustardseedbooks.org /wordpress/books/singlepage/Whales.pdf

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Кит – биздин планетадагы эң чоң жаныбар. Ал пилден да чоң!



Көк кит – дүйнөдөгү эң чоң жаныбар. Анын узундугу 30 метрге жетет: баскетбол аянтчасындай жерге созулат.



Киттер планетадагы бардык океандарда бар.

Алар муздак суудa да, жылуу суудa да жашай алышат.



Киттер – уй, жолборс, адамдар сыяктуу эле сүт эмүүчүлөр.

Киттер балдарын тууп, аларды сүт менен багышат.



Ар кайсы киттер ар башка азыктарды жешет.

Кашалоттор чоң кальмар жана балыктарды, көк киттер кичинекей креветкаларды жактырат.



Киттер узак убакыт бою суунун астында сүзүп жүрө алышат.

Бирок алар дем алуу үчүн суу үстүнө чыгышы керек.

Киттер төбөсүндөгү тешик аркылуу дем алышат.



Киттер бири-бири менен сүйлөшүү үчүн ыр ырдашат. Бирок алар оозу менен ырдашпайт. Киттер ырдаган сыяктуу үндөрдү чыгарат.



Киттер учкусу келгенсип, суудан секирип чыгышат. Алар эмне үчүн мындай кылышарын эч ким билбейт. Кээ бир адамдар муну сүйлөшүүнүн ыкмасы деп ойлошот.



Киттин канаттары балыктыкындай эмес, жаргакка окшош. Киттин күчтүү куйругу алыскы аралыкка сүзүүгө мүмкүнчүлүк берет.



Кыш келгенде, киттер суусу жылуу жерлерге сүзүп кетишет.

Алар топ-топ болуп, 4-5 миң километрге чейин сүзө алышат.



Киттерди касатка менен чаташтырып албагыла.

Касатканын башкача аталышы – “өлтүргүч кит”.

Касаткалар дельфиндер түркүмүнө кирет.



Киттерге байкоо жүргүзгөн абдан кызык. Бирок мен аларды өтө жакын жерден көргүм келбейт.

АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

Автор: Элизабет Ким
Которгон жана адаптациялаган:
Талгат Деркембаев

USAID "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли